**№2 С.Ногоева атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими**

**Карабаева Севаранын**

**5-класстар үчүн жазган**

# КҮНДӨЛҮК ПЛАНЫ

**2020-2021 окуу жылы**

**Предмети:Кыргыз тили**

**Класс :5-класс**

**Сабактын кептик темасы:Улуу жибек жолу**

**Грамматикасы:Эсептик сан,бөлчөк сан (Нан жөнүндө уламыш)**

| № | **Негизги компетенттүүлүк** | № | **Предметтик компетенттүүлүк** |
|---|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык компетенттүүлүк | 1 | Кеп-байланыш компетенттүүлүк (сүйлөө,угуу,окуу,жазуу) |
| 2 | Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк | 2 | Тил-компетенттүүлүк (фон-к,орфог-к,лек-к,грамм-к |
| 3 | "Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү" | 3 | Социо-маданий компетенттүүлүк |

| **Сабактын максаттары** | **Көрсөткүчтөр** |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк**:Жаңы лексика менен таанышышат,кебинде активдештирет.<br>Сан атооч,бөлчөк сан,эсептик сан атоочторду билишет. | Жаңы сөздөрдү айтып бере алышса;<br>Сүйлөө кебинде колдоно алышса;<br>Бөлчөк сан,эсептик сандарга мисалдар түзө алышса. |
| **Өнүктүрүүчүлүк**:Нан жөнүндөгүуламышты түшүнүп,тапшырмаларды аткарышат.Берилген суроолорго жооп беришет.Талкууга катышышат. | Уламыштын мазмунун түшүнө алышса;<br>Грамматикалык тапшырмаларды иштей алышса;<br>Берилген суроолорго жооп бере алып,талкууга катыша алышса. |
| **Тарбиялык:**Нанды баалуу экендигин билишет.<br>Уламыш аркылуу нанды кадырлап, сыйлоого үйрөнүшөт. | Нанды баалуу экендигин билишсе;<br>Анын кадырына жетишсе;<br>Алган билимин турмушта колдоно алышса. |

**Сабатын тиби:**жаңы билимди өздөштүрүү

**Сабактын ыкмасы:**тыным менен окуу,көрсөтмөлүү,өз алдынча иштөө,жупта иштөө

**Колдонулуучу каражаттар:**ТСО,сүрөттөр,таркатма материалдар,таблица, баалоо баракчалар

## Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | НК /Пк | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| **Уюштуруу** | Мугалим сабакты ыр менен баштайт.<br><br>**Мен мугалим тажабаган жазгандан**<br>**Чарчабаган сүйлөгөндөн баскандан,**<br>**Эрте туруп,кечте кетсем үйүмө,**<br>**Таттуу белем,дал ушинтип тапкан нан.**<br><br>Окуучулар менен саламдашып,жагымдуу маанай тартуулайт.Сабакка уюштурат.<br>Сабактын максаттары менен тааныштырат. | Мугалим менен саламдашып,сабакка даярданышат.Жаңы теманын максаттарын окуп, түшүнүшөт | НК1<br>ПК1 | |
| **Өтүлгөн теманы кайталоо** | Балдар,биз силер өтүлгөн теманы эске салып алсак, өтүлгөн теманы тесттер аркылуу сураймын даярсыңарбы?<br>Сан атоочтун канча түрү бар?<br>А)5 б)6 в)3<br>Берилген мисалдардан бөлчөк санды белгиле.<br>А)Экиден бир б)Он алтынчы в)отуздай<br>Эсептик сан атооч кандай суроого жооп берет?<br>А)канчанчы? б)нечэнчи? в)канча?<br>Тесттердин жообун партанын үстүндө турган варианттарды көтөрүү аркылуу белгилейсиңер. | Окуучулар партанын үстүндө турган варианттарды көтөрүп,жооп беришет.<br>Мисалы:1 Б | НК1<br>ПК1 | |
| **Жаңы теманы түшүндүрүү** | ***Жаңы материал менен иштөө***<br><br>Балдар ,азыр силер менен сөздүк менен иштеп алсак,дептериңерге жазып алгыла.<br>***Сөздүк менен иштөө***<br>Тегирмен-Мельница | Жаңы лексиканы дептерлерине жазышып,оозеки сүйлөмдөр түзүшөт. | НК1<br>ПК1 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Тентек-безумный<br>Арпа-ячмень<br>Күнөө өзүңөрдө-грех сами по себе<br>Ыйлакташып-плач<br><br>**Нан жөнүндө уламыш.**<br>"Тыным менен окуу "ыкмасы аркылуу жаңы тема менен таанышабыз.<br>Мугалим тексттин 1-тынымын окуучуларга таратып берет.<br>Илгери –илгери  эгин баккан бир да дыйкан болуптур.Ал кезде адамдар тегирменди да билишкен эмес экен .Нан өзүнөн -өзү бышып калчу экен.Бекерге көнгөн балдар нандан кээде топ жасап ойношот.Кээде нанды да чалкыч сууга ыргытып салышчу экен.<br>Тентек балдардын мындаай жоругу дан атуунун баарын аябай таарынтыптыр .Күндөрдүн биринде буудай дандарды чогултуп:<br>***1.Балдар нанды кантип кордогон экен?***<br>***2.Буудай эмнеге дандарды чогултуптур?***<br>***3Андан ары эмне болот деп ойлойсңар?***<br><br>***Көп чекиттин ордуна керектүү мүчөлөрдү койгула.***<br>Илгери –илгери эгин баккан бир да дыйкан болуптур.Ал кез... адамдар тегирмен... да билишкен эмес экен. Нан өзүн-өзү бышып калчу экен.Бекер... көнгөн балдар нан... кээ.. топ жасап ойношот.Кээде нан... да чалкыч суу... ыргытып салышчу экен.<br><br>2-тыным<br>-Мындан көрөкчө көз көрбөгөн жакка кетели!-дейт.Ызаланган дандардын баары буудайдын пикирин | 1-тынымды окуп чыгышат,мазмунун түшүнүшөт.<br><br>Берилген суроолорду жупта талкуулашып,жооп беришет.<br><br>Илгери –илгери эгин баккан бир да дыйканболуптур.Ал кез<u>де</u> адамдар тегирмен<u>ди</u> да билишкен эмес экенНан өзүн-өзү бышып калчу экен.Бекер<u>ге</u> көнгөн балдар нан<u>ды</u> кээ<u>де</u> топ жасап ойношот.Кээде нан<u>ды</u> да чалкыч суу<u>га</u> ыргытып салышчу экен. | НК2<br>ПК2<br><br>НК3<br>ПК3 | |

<table>
<tr>
<td></td>
<td>жакташат.Нан да тигилердин пикирине кошулат.<br>Убада боюнча бардык дандар,андан жасалган таттуу нандар көк деңизди көздөй жол тартышат.Деңизге эптеп жетип алышса,түбүнө түшүп.бекинип алышмак.Жолду баарынан улуусу арпа баштайт. Нанды тебелеп ойногон тентектер ошол кырсыктуу түндө бейкапар укташат.Адаттагыдай чак түштө ойгонушуп,беттерин жуубастан нан салган чыгданга чуркашат.Мына кызык!Тентектер нан таппай калат.Бадырак жейли десе,бир да дан жок.<br><br>1.Нан да дандардын сөзүнө кошулуп кетип калганы туура деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн?<br>2.Уйкудан турган балдар эмнени издешти?<br>3.Нан издеген балдарга чоң эне эмне дейт?<br>4.Андан ары эмне болот?<br><br>Төмөнкү таблицаны толтургула ,"ооба" деген тарапка үч далил,"жок деген тарапка үч далил жазгыла.
<table>
<tr><th>"Ооба"</th><th>"Жок"</th></tr>
<tr><td>1.</td><td>1.</td></tr>
<tr><td>2.</td><td>2.</td></tr>
<tr><td>3.</td><td>3.</td></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
</table>
<br>3-тыным<br>Ошондо нан издеген балдарга чоң эне мындай дейт:<br>-Дандарды,нандарды бизден качып кетишине озүңөр күнөөлүүсүңөр,балдарым.Силер кесир кылып,аларды кордобосоңор баары тең мурдагыдай ушул жерде болушмак.Эми эр болсоңор нан таап көргүлө.Тезинен барып,Акыл атаңардан эмне кылуу керектигин сурагыла.<br>Акыл атага баруучу жол өтө татаал эле.Ага канча кыйынчылык менен араң таап барышат.Балдардын</td>
<td>Окуучулар экинчи тынымды окуп чыгышат.Түшүнбөгөн сөздөрүн сурап билишет.<br><br>2-тыным боюнча<br><br>Берилген суроолорду жупта талкуулашып, жооп беришет.Өз ойлорун далилдей алышат.<br><br>Таблицадагы "ооба","жок" деген тарапка үчтөн далил жазышат.<br><br>3-тынымды дагы кунт коюп угушат.Маанисин түшүнүшөт.</td>
<td>НК3<br>ПК3<br><br>НК2</td>
<td></td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td></td>
<td>келген себебин Акыл ата айттырбай билет.Тентектерге өтө наарazы экендигин айтат.<br>1.Акыл ата эмнеден наарazы болду?<br>2.Балдарга кандай сунуш берди деп ойлойсуңар?<br>3.Андан ары эмне болот?<br>4-тыным<br>-Болор иш болду.Күнөө өзүңөрдө.Бирок жакшылыктан үмүт үзбөйлү.Баарыбыздын тагдырыбыз өз колубузда.Азыр да кеч эмес,дандар деңизге чөгүп кете электе жетип барып,кечирим сурагыла.Ансыз алар кайра кайрылбайт.Анда эле силер элдин убалына каласыңар.Данды таарынтпагыла,-дейт.<br>Эстүү балдар жаңылыштыгын моюнуна алып,дароо көк деңизди көздөй чуркашат.Жетип барышса,дандар көк деңизге чукулдап калышыптыр.<br>Балдар ыйлакташып,кечирим сурашып,экинчи кайталабайбыз деп убада беришти.Анан дандар өз ара сүйлөшүшүп,кайра артка кайтышты.<br>1.Убал деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?<br>2.Биз нансыз жашай алышыбыз мүмкүнбү?<br>3.Балдар мурда кылган жоругун кайталабайт деп ойлойсуңбу?Эмне үчүн?<br><br>Сүйлөмдөрдү туура курагыла.
<table>
<tr><td>Бирок жакшылыктан</td><td>элдин убалына каласыңар</td></tr>
<tr><td>Анда эле силер</td><td>өзүңөрдө</td></tr>
<tr><td>Күнөө</td><td>иш болду</td></tr>
<tr><td>Болор</td><td>үмүт үзбөйлү</td></tr>
</table>
</td>
<td>Берилген суроолорго жооп беришет.Өз ойлорун айтышып талкуулашат.<br><br>4-тынымды окуп,түшүнүшөт.<br><br>Окучулар убал деген сөздүн мазмунун айтышат.Түшүнбөгөн болсо,мугалимдин жардамы менен түшүнүккө ээ болушат.<br><br>Сүйлөмдөрдү туура курашат.<br>Бирок жакшылыктан үмүт үзбөйлү.<br>Анда эле силер элдин убалын каласыңар .<br>Күнөө өзүңөрдө<br>Болор иш болду</td>
<td>ПК2<br><br>НК3<br>ПК3<br><br>НК2<br>ПК2<br><br>НК3<br>ПК3</td>
<td></td>
</tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Жаңы өтүлгөн теманы бышыктоо | Балдар,нан жөнүндө макалдарды билесиңерби?<br>Анда эмесе сүйлөөчү дубалдарда макалдардын жарымы турат,силер калганын стикке жазып,толуктагыла<br>1.Адамдан улуу ат жок,.......<br>2.Ак эмгектин наны таттуу,..........<br>3Ачтын көзү нанда,............<br>4.Баарынан -................<br>5.Нандын ысыгы жакшы,........... | Ооба,билебиз.<br><br>1.Нандан улуу аш жок<br>2.Жалкоонун жаны таттуу<br>3.Токтун көзу тондо<br>4 Нан улук<br>5.Сөздүн бышыгы жакшы | НК3<br>ПК3 | |
| Баалоо | Мугалим баалоо карточкаларын таратып берет.<br>"5"<br>Текст менен иштөө мага жакты.<br>Мен ... тапшырмаларды жакшы иштедим.<br>...сөздөрдү өздөштүрдүм.<br>"4"<br>Мага сабак кызыктуу болду.<br>Мен ...тапшырмаларды аткардым,ал эми...түшүнүксүз болду.<br>" 3"<br>Көп пайда алган жокмун.Анткени...түшүнүксүз болду.<br>Өзүңөрдү баалап ,доскадагы баалоо баракчасына илип койгула<br>Мугалим Гулнур Сатылганованын "Нандын жыты"ыры аркылуу сабакты жыйынтыктайт. | Окуучулар баалоо карточкаларына өздөрүн баалашып,баалоо баракчасына алып чыгып илишет. | | |
| Үй тапшырмасы | Нан жөнүндөгү макалдарды жаттап келгиле | Окуучулар макалды жаттап келишет. | | |